# Дидактика

№13(40) апрель, 2025-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити




## ОШМУНУН КЛИНИКАСЫНА ЗАМАНБАП АНГИОГРАФ АППАРАТЫ АЛЫНДЫ

Ош мамлекеттик университетинин клиникасында заманбап эки жаңы интенсивдүү терапия жана рентгенэндоваскулярдык хирургия обочолору пайдаланууга берилди.

Аземге Шанхайдагы Линь-Ган медициналык жабдууларды изилдөө борборунун профессору Тан Жуйсё баштаган делегация да катышты.

Аталган обочолордо жүрөк оорулары, инсульт же мээдеги кан айлануунун бузулуулары, буту ооруп же шишип жаткан бейтаптарда кан тамырлардын абалын аныктоо, онкологияда – шишиктерге кан жетүүсүн изилдөө Ангиограф аппараты менен жүргүзүлөт.

Ангиограф – бул кандын тамырларын, жүрөктүн жана мээнин кан тамыр системасын изилдөө үчүн колдонулуучу жогорку тактыктагы медициналык жабдуу. Бул аппарат заманбап медицинанын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Ал бейтаптардын абалын эрте стадияда аныктоого жана эффективдүү дарылоого жол ачат. Өзгөчө кардиология, нейрохирургия жана онкология тармактарында ролу чоң.

Бул обочолордун ачылышы университеттин клиникалык базасын чыңдоого жана медициналык билим берүүнүн сапатын жогорулатууга чоң салым кошот. Ошондой эле медицина факультетинин студенттери үчүн практикалык көндүмдөрдү тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ангиограф аппараты медициналык клиниканын ички каражатынын эсебинен сатып алынган.

Жаңы ачылган обочолор аймактагы медициналык кызматтын сапатын жогорулатып, бейтаптарга натыйжалуу жардам көрсөтүүгө багытталган.

## ОШМУНУН СТАРТАПЕРЛЕРИ BATKEN 4.0 ХАКАТОНУНУНДА ЖЕҢИШКЕ ЖЕТТИ

Баткен шаарында өткөн BATKEN 4.0 хакатонунун финалдык этабы жыйынтыкталды. Анда Ош мамлекеттик университетинин Бизнес паркынан чыккан, Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин студенттеринен турган AgroTech командасы «Суу берүү кезегин башкаруу платформасы» аттуу санариптик долбоору менен катышып, экинчи орунду алды. Команда 60 миң сом өлчөмүндө акчалай сыйлыкка ээ болду.

ОшМУнун Enactus командасынын мүчөлөрү иштеп чыккан санариптик платформа фермерлерге сугат суусун берүү кезегин ачык-айкын башкарууга, ошондой эле сугат шлюздарын ижарага алууну жеңилдетүүгө багытталган.

Иш чара Кыргызстандын аймактарын өнүктүрүүгө багытталган. Ага Кыргызстан боюнча 18 жаштан 35 жашка чейинки 90го жакын стартапер катышты. Алардын ичинен элүүсү жарым финалга өттү. Он беш команда финалдык баскычка чыгып, өз идеяларын, бизнес-моделдерин жана продуктун минималдуу жашоого жөндөмдүү версияларын (MVP) сунушташты.

Хакатон студенттик жана жаштар ишкердүүлүгүн колдоо менен бирге, Кыргызстандын аймактары үчүн заманбап санариптик чечимдерди иштеп чыгып, жүзөгө ашыруу максатында уюштурулуп келет. Иш чара Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин демилгеси менен Эл аралык байланыш бирикмеси, Германиянын эл аралык кызматташтык коомдугу, Баткен мамлекеттик университети, Министрлер кабинетинин алдындагы Интеллектуалдык менчик жана инновациялар боюнча мамлекеттик агенттик, Geeks IT эл аралык академиясы менен өнөктөштүктө өткөрүлдү.

## ОКУМУШТУУ АБДЫМИТАЛИП МУРЗАКМЕТОВДУН 60 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИ БЕЛГИЛЕНДИ

*Тарых илимдеринин кандидаты, доцент адабиятчы, этнограф Абдымиталип Мурзакметовдун 60 жылдыгына арналган илимий-чыгармачылык кече өткөрүлдү. Иш-чарага Ош шаарында жайгашкан жогорку окуу жайлардан окумуштуулар, ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы, студенттер жана анын жакын санаалаштары катышты.*




Алгач Мурзакметовдун бейнесин чагылдырган тасма көрсөтүлдү. Жыйында окуу жайдын илимий иштер боюнча проректору Элзарбек Эшаров сөз сүйлөп, жалпы жамааттын атынан мааракe ээсин куттуктады. Абдымиталип Мурзакметовдун өмүр жолу, жасаган эмгектери жөнүндө айтып, устат катары келечек муундарды тарбиялоодо талыкпай эмгектенип, илимге кызыккан шакирттерди өстүрө беришин тилек кылды.

Ал эми кесиптештери, шакирттери өрнөктүү өмүрү, чыгармачылык ишмердүүлүгү жөнүндө ойлорду айтып, куттуктоолорун жолдошту. Маарекеге карата Мурзакметовдун бардык илимий изилдөөлөрү, табылгалары камтылган алты томдук китебинин тушоосу кесилди. Ошондой эле эмгектеринин көргөзмөсү коюлуп, концерттик программа тартууланды.

Абдымиталип Мурзакметов кыргыз адабият таануусу, кыргыз этнографиясы, кыргыз фольклору, батыш адабияты, чыгыш адабияты, Манас таануу, Кыргыз маданиятынын тарыхы боюнча мазмундуу лекцияларды окуп келет. Учурда ОшМУнун филология жана маданият аралык коммуникация институтунун кыргыз адабияты кафедрасын жетектейт. Бир нече окуу-усулдук колдонмолордун, китептердин, 200дөн ашуун илимий, публицистикалык, илимий-популярдуу макалалардын автору. Окуу жайда өз демилгеси менен «Жапон маданияты борборун» ачкан. 2022-жылы "Казак тили жана маданияты" борборун да негиздеген.



## ОШМУ КЫТАЙ ТАРАП МЕНЕН ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫНДАГЫ АЛЬЯНСКА КИРҮҮ БОЮНЧА КЕЛИШИМГЕ КОЛ КОЙДУ



Жакында Кытайдагы Синьцзян педагогикалык институтунун ректору Мукаи Жаркынбек жана Анжиян педагогикалык институтунун ректору Бахтиёр Расулов баштаган делегация ОшМУга келишти. Тараптар "Синьцзян-Борбор Азия мектепке чейинки билим берүү альянсын" түзүү боюнча келишимге кол койду.

Буга чейин ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков баштаган делегация Синьцзян педагогикалык институтунда болуп, кызматташуу багытында сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Анын негизинде Кыргызстан, Кытай, Өзбекстан, Казакстан тараптан педагогикалык адистерди даярдаган бирден окуу жай башталгыч, инклюзивдик билим берүү жаатында альянс түзүүнү макулдашкан. Ага кирген окуу жайлар мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүү, инклюзивдик билим берүү мекемесин биргелешип ачуу, алар үчүн окуу программаларын түзүү жана келечекте бул багыттагы бакчаларды ачууну максат кылат.

"Кытайга болгон иш сапарда Синьцзян педагогикалык институтунун окуу базалары, мектепке чейинки билим берүү мекемелери менен таанышып, бала бакча адистерин даярдоочу практикалык лаборатория ачуу, мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуучу педагогдорду даярдоо долбоорлорун талкуулап келгенбиз. Бүгүн бул багытта төрт өлкөнүн окуу жайы альянс түзүү боюнча келишимге кол койдук. Алдыда тараптар өз өлкөлөрүндөгү билим берүү тажрыйбалары, окуу-тарбиялык усулдары, окуу программалары менен бөлүшүүнү баштайт. Келечекте ал тажрыйбаларга негизделген заманбап бакча ачуу максаты бар. Андан сырткары билим берүү, илим изилдөө, академиялык мобилдүүлүк багытында да кызматташтыктар орун алат", -деди ректор Кудайберди Кожобеков.

Делегация ОшМУнун "Билим" окуу-тарбия комплекси, "Зирек" башталгыч билим берүү борборлорлору менен таанышты.

## "ХОШИМ" КОРЕЙ ТИЛИ ЖАНА МАДАНИЯТЫ БОРБОРУ АЧЫЛДЫ



ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде "Хошим" корей тили жана маданияты борбору ачылып, пайдаланууга берилди.

Аземге Кореянын Кванджу университетинин проректору Ким Гап Ёнг, ОшМУнун тышкы байланыштар боюнча проректору Курсантбек Аттокуров, Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин окутуучулары жана студенттер катышты. Иш-чарада кыргыз-корей маданиятын чагылдырган чакан концерт тартууланды.

Борбор Кореянын Кванджу университети менен биргеликте ачылды. Мында окутуучулар, студенттер үчүн корей тилин тереңдетип өздөштүрүүгө, маданияты менен таанышууга шарттар каралган. Борбордун арты менен ОшМУнун окутуучулары, студенттери Кореяга окууга, иштөөгө жана тажрыйба алмашууга барса болот. Ошондой эле тил үйрөнүүнү каалагандар үчүн дагы борбордун эшиги ачык-деди борбордун директору Аруукe Султанова.

Ким Гап Ёнг аталган борбор аркылуу Кореяга окууга бара турган алгачкы студенттер үчүн өзүнүн фондунан каржылык колдоо көрсөтүлөрүн билдирди.

Корей тили, маданияты борборун ондоп-түзөө, материалдык-техникалык жактан жабдуу иштерине Кванджу университети 20 миң доллар жумшаган.

## «АЛА-ТОО» КОЙ ПОРОДАСЫ – ЭЛ АРАЛЫК ИЛИМИЙ ТАЛКУУНУН ЧОРДОНУНДА

**Ош мамлекеттик университети тарабынан уюштурулган 1-эл аралык илимий-практикалык конференцияда эт-май багытындагы «Ала-Тоо» кой тукумун өнүктүрүү маселеси каралды. Иш-чарага мал чарбасы, агротехнологиялар жана ветеринария тармагындагы илимпоздор жана адистер, Кыргызстан, Россия, Казакстан, Түркия жана Өзбекстандан келген илимий жана мамлекеттик уюмдардын өкүлдөрү катышты.**

Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетүү менен түздөн-түз байланыштуу болгон койлорду асылдандыруунун инновациялык ыкмалары, алардын эт продуктуулугун жана ден соолугун чыңдоо, атап айтканда азык-түлүк коопсуздугуна жетишүү, тамактанууну жакшыртуу жана туруктуу айыл чарбасын өнүктүрүү негизги маселелери талкууланды. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда эт азыктарынын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн асылдандыруунун заманбап ыкмалары колдонуу менен жогорулатуу маанилүү экендиги белгиленди.

Калкка жеткиликтүү тамак-аш азыктарынын сапатын жана коопсуздугун жогорулатууга көмөктөшүүчү чарбаларда асыл тукум малдарды жана эффективдүү технологияларды өнүктүрүүгө байланышкан практикалык маселелерге өзгөчө көңүл бурулду.

Конференциянын жүрүшүндө асыл тукум чарбага экскурсия уюштурулуп, катышуучулар



кой өстүрүүнүн алдыңкы технологиялары менен таанышты.

Самарканд мамлекеттик университетинин ветеринария, мал чарбасы жана биотехнология кафедрасынын профессору Бахтияр Бакиров ОшМУнун ветеринария жана биотехнология кафедрасынын ветеринардык клиникасы жана илимий лабораториялары Борбордук Азиядагы бүт шарттары бар акыркы заманбап техникалар менен жабдылган клиника жана лаборатория экенин айтты.

Буга чейин ОшМУда аталган породадагы койлордун жаңы тукуму изилденген.

## IT-СТУДЕНТТЕРИ ҮЧҮН СТАЖИРОВКА БОЮНЧА УЛУТТУК КОНКУРС

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бүткүл республиканын жогорку окуу жайларынын IT-багыттарындагы студенттери үчүн улуттук конкурс жарыялайт.***

***Жеңүүчүлөр бир жарым айлык стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүгүн алышат. Аларды Microsoft, LinkedIn, Intel, Facebook сыяктуу дүйнөлүк алдыңкы компанияларда иштеген эксперттер жетектейт.***

***Эмне үчүн катышуу керек?***

Стажировкада кээ бир катышуучулар стипендия алышат.

Кыргызстандын мыкты жаш IT-адистеринин командасында иштөө.

Эл аралык эксперттердин жетекчилиги астында практика.

Жеке, мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн чыныгы долбоорлор.

Ири IT-компаниялардын шарттарына жакын иш тажрыйбасы.

Стартаптарда жана эл аралык долбоорлордо карьераны баштоо мүмкүнчүлүгү.

***Конкурстун максаттары:***

Бүткүл өлкө боюнча IT-таланттуу студенттерди колдоо.

Практиктер менен биргелешип билим берүүнүн сапатын жогорулатуу.

Кыргызстандын цифр экономикасынын келечектеги лидерлеринин кызматташтыгын түзүү.

Заманбап технологияларга жана дүйнөлүк ишкердик тажрыйбаларга жетүү.

***Кимдер катыша алат?***

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын *IT-багыттарындагы студенттери* (программалоо билими менен).

Жакшы мотивацияланган жана интенсивдүү үйрөнүүгө даяр катышуучулар.

Катышуу үчүн:

Катталуу мөөнөтү: 2025-жылдын 10-майына чейин.

Анкетаны толтуруңуз: www.aitkg.com/summer2025

Бул долбоорду Билим берүү жана илим министрлиги Кыргызстандын жаш IT-жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн уюштурду. Мыкты катышуучулар стажировкадан (1,5 ай) эл аралык топ-компаниялардын эксперттеринин жетекчилиги астында өтүшөт.



# КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕРДИН УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШКА МОБИЛИЗАЦИЯЛАНЫШЫ: АРХИВДИК МАТЕРИАЛДАР ЖАҢЫЛАНДЫ



Фашисттик Германия 1939-жылы дүйнөлүк экинчи согушту баштап, Европанын бир катар мамлекеттерин: Чехословакияны, Польшаны, Францияны, Бельгияны, Голландияны, Данияны, Норвегияны, Югославияны, Грецияны басып алган. Натыйжада Германиянын экономикалык абалы, согуштук күчү чыңдалган. Дүйнөлүк үстөмдүккө жетүүнү көздөгөн фашисттик Германия 1941-жылы 22-июнда СССРге кол салган.

Немецтик-фашисттик баскынчылардын жырткычтык менен кол салышы совет элинин тынч жашоосун дүрбөлөңгө салган. Ошентип, Социалисттик Ата Мекендин көз каранды эместиги жана эркиндиги үчүн Улуу Ата Мекендик согуш башталган.

Согуш жөнүндөгү кабар көп улуттуу совет элинин, анын ичинде кыргыз элинин, кыжырдануусун туудурган. Кыргызстандын бардык шаарларында, айыл-кыштактарда миңдеген адамдар катышкан чогулуштар, митингдер өтүп, аларда жумушчулар, колхозчулар, интеллигенция Ата Мекенди коргоо үчүн күчтөрүн, эмгегин, керек болсо өмүрүн аябай тургандыктарын билдиришкен.

Ар улуттагы, түрдүү кесипте иштегендер кары-жашы дебей аскер комиссариаттарына кайрылышып, фронтко жөнөтүүнү суранышкан. 1941-жылы 22-23-июнунда эле Фрунзе шаарынын аскер комиссариатына ушундай өтүнүч менен 270 арыз түшкөн. Кызыл-Кыядагы шахтадан 250 кенчи фронтко өз ыктыяры менен жөнөгөн. Тянь-Шань областынан 140 патриот аскердик комиссариатка келишип, аларды тезирээк фронтко жөнөтүшүн талап кылышкан.

Кыргызстандык жоокерлер согуштун биринчи күнүнөн эле фашисттик баскынчылар менен баатырларча кармаша башташкан.

Кыргызстандын өкмөтү калкты аскердик жактан окутуута, аскердик бөлүктөрдү түзүүгө киришкен. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1941-жылы 22-июнундагы Указына ылайык өлкөдө аскерге милдеттүүлөрдү жалпы мобилизациялоо иши батталган. Бул иштин жүрүшүндө Кыргызстанда 385-аткычтар дивизиясы, кийин 40 жана 153-аткычтар бригадалары, 2 улуттук атчандар дивизиясы түзүлүп, алар республиканын өнөр жай ишканалары жана колхоздору тарабынан жабдылган.

Булардын ичинен согушка биринчи болуп Кыргызстандын аскер комиссары генерал-майор И.В. Панфилов командалык кылган 316-аткычтар дивизиясы кирген. Бул дивизия Казакстан менен Кыргызстандын өкмөттөрү тарабынан түзүлгөн. Дивизиянын курамы ушул эки республиканын дыйкандарынан, жумушчуларынан жана кызматкерлеринен турган. Анда казак, кыргыздардан тышкары орустар, украиндер ж.б. улуттардын өкүлдөрү болгон.

Ошентип, Улуу Ата Мекендик согушта Совет эли эркиндик, көз каранды эместик үчүн жан аябай салгылашкан. Көп улуттуу Кызыл Армиянын катарында Кыргызстандан барган 300 минден ашуун жоокер да Ата Мекенди коргоонун үлгүлөрүн көрсөтүшкөн. Согуштагы эрдиктери үчүн 10 миң кыргызстандык жоокер орден жана медалдар менен сыйланышкан. Алардын 70тен ашууну Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушкан. 20дан ашуун жокер Даңк орденинин үч баскычын тең алышкан. Кыргызстандык жоокерлердин көпчүлүгү мекенинин, өз элинин эркиндиги үчүн курман болушкан.

Бирок менин жаңы илимий-изилдөөмдүн негизинде даярдалган "Улуу Ата Мекендик согушта дайынсыз жоголгон Кыргызстандыктар. Архивдик документтердин жана материалдардын жыйнагы" аттуу 20 томдук эмгегимди жазууда Кыргызстандан Улуу Ата Мекендик согушка кеткен, согуштан тирүү кайтып келген, согушта каза болгон жана дайынсыз жоголгондордун саны башкача болуп чыкты. Биз буга чейин Кыргызстандан Улуу Ата Мекендик согушка 360000 ден ашуун мекендештерибиз кеткен деп билсек, менин изилдөөмдө бул саны 267 388 адамды түздү.

Ал эми мурдатан согушта каза болгондор жана дайынсыз жоголгондордун саны 150 000 дин айланасында деп билсек, бул сан 140 578 адамды түздү.

Согуштан тирүү кайтып келгендердин саны 210 000дин айланасында деп билсек, бул сан 76 081 адамды гана түзүп, мурдагы сандар менен азыркы менин изилдөөмдөгү сандарда абдан чоң айырмачылыктар пайда болуп калды.

Бирок, мен Кыргызстандын ар бир аскер комиссариатынан атайын тизмелерди жана аныктамаларды (справкаларды) алып анан ушул жогорудагы сандарды айтып жатам.

Ошондо суроо жаралат мурдатан биз окуп билип жүргөн 360 000 ден ашуун адам Улуу Ата Мекендик согушка кеткен, 150 000 дей адам каза болгон жана дайынсыз жоголгон деген ж.б. сандык маалыматтарды кайсы тарыхчы-окумуштуулар кайдан, кимден алган, бул канчалык чындыкка жакын деген сыяктуу суроолор жаралат.

Мен тактап чыккан сандарды дагы мен акыркы жана так сандар деп айтуудан алысмын.

Мен бул маалыматтарды тактап жаткан дагы мүмкүн аскер комиссариаттары тарабынан берген тизмелерде, аныктамаларда катачылыктар кеткендир, мүмкүн согушка кеткендердин, кайтып келгендердин, каза болгондордун жана дайынсыз жоголгондордун каттоо журналдары жоголуп кеткендир, мүмкүн Россия Федерациясынын архивдеринен чыгып калаттыр.

А мүмкүн 267 388, 360 000, 370 000 эмес андан дагы көп болушу мүмкүн.

Бул биздин тарыхчылардын дагыда алдыда изилдей турган милдети десек туура болот.

Мындан сырткары, канча жоокерибиз Советтер Союзунун Баатыры наамын алгандыгы боюнча дагы талаштуу сандар айтылып келет. Кээ бир маалыматтарда 72, 73, 74 жана 76 жоокер Советтер Союзунун Баатыры наамын алган деген. Мүмкүн бул сандардын бирөөсү туурадыр. А балким, бирөө дагы туура эместир. Мүмкүн бул сандар мындан дагы көптүр же аздыр.

Ошондуктан тарыхчылар тарабынан маалыматтарды тактоо зарыл жана ага Өкмөттүк деңгээлде колдоо керек деп эсептейм жана Кыргызстандын ар бир облусу, шаары жана райондору боюнча канча адам Улуу Ата Мекендик согушка аттанган, канчоосу тирүү келген, канчоосу каза болгон жана канчоосу дайынсыз жоголгондугу тууралуу жаңы маалыматтардын таблицасын сиздерге сунуш кылам.

| № | Райондордун аталыштары | Согушка кеткендердин жалпы саны | Согуштан кайтып келгендердин жалпы саны | Согушта каза болгондордун жана дайынсыз жоголгондордун жалпы саны |
|---|---|---|---|---|
| Ош облусу боюнча | | | | |
| 1 | Алай | 6155/3038 | 2535/83 | 64/1356 |
| 2 | Араван | 5503/2392 | 457 | 3207/622 |
| 3 | Кара-Кулжа | 5000/179 | 2635/177 | 2365/227 |
| 4 | Кара-Суу | 7481/4184 | 2094/1424 | 5387/2035 |
| 5 | Ноокат | 6982 | 4354 | 2628 |
| 6 | өзгөн | 7147/1266 | 3752/80 | 3395/409 |
| 7 | Чоң-Алай | 551/302 | 17/98 | 534/205 |
| Жалпы: | | **38819/18343** | **15844/6673** | **17580/7482** |
| 1 | Ош шаары | 14621 | 6238 | 7765 |
| Жалпы: | | **53440/32964** | **22082/12911** | **25345/15247** |

| № | Райондордун аталыштары | Согушка кеткендердин жалпы саны | Согуштан кайтып келгендердин жалпы саны | Согушта каза болгондордун жана дайынсыз жоголгондордун жалпы саны |
|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу боюнча | | | | |
| 1 | Аксы | 2923 | 552 | 2371 |
| 2 | Ала-Бука | 3421 | 1116 | 2305 |
| 3 | Базар-Коргон | 4409/4890 | 532/256 | 3877/2473 |
| 4 | Ноокен | 9739/306 | 1593 | 8146/1307 |
| 5 | Сузак | 3405/3405 | 548/3224 | 2814/120 |
| 6 | Тогуз-Торо | 1564/1526 | 843 | 721 |
| 7 | Токтогул | 2806 | 320 | 2005 |
| 8 | Чаткал | 1032 | 240/185 | 792/470 |
| 9 | Кара-Көл шаары | 66 | 31 | - |
| 10 | Майлуу-Суу шаары | 230 | - | - |
| 11 | Таш-Көмүр | 1477/592 | - | 87 |
| 12 | Жалал-Абад шаары | 10000/2558 | 4173/320 | 5827/684 |
| Жалпы: | | **41072/23755** | **9948/8440** | **28945/12543** |

(Уландысы кийинки санда)

Жолдошбек Бөтөнөев, ОшМУнун Чыгыш таануу институтунун директору, тарых илимдеринин кандидаты, доцент.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити





# БОЛОТ КУЛНАЗАРОВ – ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ ЗООЛОГИЯ ЖАНА ЭКОЛОГИЯ МЕКТЕБИНИН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ

*Адам канча жашасада артында опол тоодой эмгеги менен түбөлүк жашай берет тура. Агайыбыз биология илимдеринин доктору, профессор Болот Кулназаров – Ош мамлекеттик университетиндеги алгачкы зоология жана экология мектебинин негиздөөчүсү, Кыргызстанда эле эмес чет өлкөлөрдөгү көрүнүктүү окумуштуулардын катарын толуктаган белгилүү илимпоздордун бири эле. Ал тирүү болгондо быйыл болгону 65 гана жашка чыкмак. Кайран агай 50 жаштын тегерегинде мезгилсиз арабыздан кетти. Илимпоз агайдын аткарган иштери, илимге кошкон салымы чоң жана эмгектери ар дайым кыргыз элинин эсинде.*

Болот Карамырзаевич Кулназаров 1960-жылы, 12-февралда Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Кара-Суу айылында туулган. Орто мектепти ийгиликтүү аяктаган соң Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун биология факультетинин биология адистигине тапшырып, 1983-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. Анын илимге болгон кызыгуусун байкаган кафедранын окутуучулары кайра эле кенже илимий кызматкер катары кафедрага жумушка кабыл алышкан.

1984-жылы Белорусия Республикасынын Гомель шаарындагы Франциско-Скорина атындагы Университетинин зоология жана жаратылышты коргоо кафедрасына зоология адистиги боюнча аспирантурага тапшырып, аны аяктаган соң, ОшПИнин зоология кафедрасында ага лаборант болуп ишин уланткан.

1989-жылы Алма-Ата шаарында Казакстан УИАнын зоология институтунда «Полесьедеги мелиоративдик каналдардын жээгиндеги майда сүт эмүүчүлөрдүн эктопаразиттери жана эпизоотологиялык кырдаалды түзүүдөгү ролу» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон.

1990-1991 – жылдары Москва шаарында М.В.Ломоносов атындагы университеттин биология факультетинде «Жаратылышты коргоо жана сарамжал пайдалануу» адистиги боюнча билим алып, ошол мезгилдеги Кыргызстандагы окумуштуулардын арасында жападан жалгыз эң алгач «эколог» квалификациясына ээ болгон окумуштуулардан болгон.

1991-жылдан баштап 1999-жылга чейин ОшМУнун табият таануу факультетинин зоология жана экология кафедрасын жетектеп келген. Мына ушул жылдары Болот Кулназаровдун демилгеси менен келечек муундарынын экологиялык билим маданиятын жогорулатуу максатында экологияны окутуунун программасы иштелип чыгып, Кыргызстандын жогорку окуу жайларында жана мектептерде экология предмети окутула баштаган. Агай экология багытында окутуучуларды кайра даярдоодо маанилүү лекцияларды окуп, талыкпай эмгектенип зор салым кошкон.

1994-жылы Болот Кулназаров зоология кафедрасынын базасында алгачкылардан болуп, зоология адисиги боюнча аспирантура ачып, аспиранттарды кабыл ала баштаган. Анын жетекчилиги астында зоология жана экология багытында омурткалуу жаныбарларды изилдөө боюнча жаңы илимий багыт аныкталып, мамлекеттик каттоодон өткөрүлүп «Түштүк Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү аларды коргоо жана сарамжал пайдалануунун усулдарын принциптерин иштеп чыгуу» деген теманын негизинде зоологиялык-экологиялык комплексттик илим изилдөө иштери активдүү жүргүзүлө баштаган. Муну байкаган жаш илимпоздор, студенттер анын айланасында топтолуп, анын жетекчилиги астында «Жаш зоолог, эколог» ийрими түзүлүп, Кара-Шоро улуттук жаратылыш паркына биринчи жолу зоологиялык экологиялык комплекстүү илимий экспедиция уюштурулуп, жергиликтүү фауна боюнча баалуу матералдар жыйналып, кафедранын омурткалуу жана омурткасыз жаныбарлары боюна коллекциялык фонду түзүлгөн. Ушундай эле экспедициялар жыл сайын Кыргызстандын түштүк аймагындагы өзгөчө коргоого алынган аймактарга (Сары-Челек биосфералык коругу, Падыша-Ата, Кулун-Ата ж.б. мамлекеттик коруктарына) байма-бай уюштурулуп турган. Изилдөөлөрдүн натыйжасында Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсүнүн түрдүк курамына инвентаризация жүргүзүлүп, алардын горизонталдык жана вертикалдык таралуусуна анализ жүргүзүлгөн.

Жыйналган материалдардын негизинде 1994-жылы «Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу маселелери» деген алгачкы монографиясы жарык көргөн.

2003-жылы КР УИАнын алдында 03.00.08 шифри менен зоология багытында «Түштүк Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу маселелери» деген темада докторлук диссертациясын коргогон. Андан көп узабай эле 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын чечими менен профессорлук наам ыйгарылган.





Профессор Болот Кулназаров илимдеги үзүрлүү эмгегинин натыйжасында, кажыбас кайраттуулугу менен айрыкча илимий кадрларды даярдоодогу потенциялы абдан жогору болуп, зоологияда батрахология, орнитология, териология жана паразитология боюнча 8 илимдин кандидатын даярдап чыгарган. Алардын катарын батрахолог – Сапарбай Абжамилов, паразитологдор – Гүлмира Садыкова, Курсантбек, Алтыбаев, орнитологдор – Абдыманнап Абдыкааров, Кутманалы Стамалиев, териологдор – Камбарали Абдисатаров, Үсөн Атабеков жана Мирали кызы Анара. Натыйжада, Ош мамлекеттик университетинде дегеле Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын арасында биринчилерден болуп «зоология жана экология мектебин» негиздеген.

Болот Кулназаров 1995-1996-жылдары АКШдагы Орегон мамлекеттик университетинде, 2000-2001-жылдары Американын Массачусетс мамлекеттик университетинде эмгектенген. 1997-жылы Борбордук Европа университетинде (Будапешт), «Айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжал пайдалануу» адистиги боюнча, 2002-жылы АКШнын Калифорния университетинде «Биологиялык көп түрдүүлүк» проблемасы боюнча стажировкадан өткөн. Ошону менен бирге Нидерландия, Турция, АКШ, Германия, Индия, Белгия, КМШ өлкөлөрүндө уюштурулган бир канча Эл аралык симпозиум жана конференциялардын катышуучусу.



1998-2000-жылдары агай ООНдун алдындагы «LIFE» программасынын Кыргызстандагы Улуттук Координатору болуп эмгектенген. Ошондой эле, Борбордук Азияда иш жүргүзгөн ар кандай эл аралык экологиялык уюмдарда ISAR (АКШ), CAREC (Алма-Ата), Кыргызстан-Сорос Фондусунда (Бишкек) эксперттик комиссиянын мүчөсү болуп да иштеген.

Жаш илимпоздор менен талыкпай эмгектенүүнүн натыйжасында кыска эле убакыттын ичинде 130 дан ашык илимий эмгектерди (4 окуу китебин, 3 монография, 9 окуу-методикалык китептер) жарыкка чыгарган.

Кулназаровго илимий чыгармачылыктагы ийгиликтери үчүн 1997-жылы АКШдагы «Wildlife society» Эл аралык экологиялык коомунун ардактуу мүчөлүгүн, 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Жаратылышты коргоо боюнча мыктысы, 2010-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн мыктысы деген наамдар ыйгарылган. Ал Кыргызстанда эле эмес, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө жогорку дасыккан окумуштуу катары белгилүү эле.

Тилекке каршы илимпоз агайыбызды 2013-жылы шум ажал арабыздан мезгилсиз алып кетти. Алдыда кыргыз элине жана илимге кыла турган эмгектери арбын эле. Артында үй-бүлөсү жана шакирттери ар дайым эскерип, жүрөгүбүздө жаркын элесин эш тутуп келебиз.

Устатым жаратылышты жандай сүйөр эле. Кыргызстандын экологиясы жөнүндө көп козгогондо көздөрү жанып, орчундуу маселелерди шашпай түшүндүрүп, чечимин издээр эле. Азыр мен “эле” деген сөздү айласыздан колдонуп, шуу үшкүрүп отурам. Мага жана башка шакирттерине улуу устат, кыргыздын сыймыктуу уулу болуп, жалган жашоодогу миссиясын аз өмүрүндө толугу менен кынтыксыз аткарып кетти. Бизге көрсөткөн жолуңузга жана берген билимиңизге ыраазыбыз!

САПАРБАЙ АБЖАМИЛОВ,
биология илимдеринин кандидаты, доцент.



Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

## ЭЛЕСИМДЕ ТИРҮҮ ЖҮРГӨН ИНСАН

"Мен Силерге тажрыйба жүргүзгөн жаныбармын, менин жакшы жактарымды алып, жаман жактарымды таштагыла, адамгерчилик биринчи орунда турат» - деп айткан сөздөрү, көзү өткөнүнө бир топ жыл болсо дагы күн, саат, мүнөт сайын кулагыма жаңырып турат. Бул сөздүн философиялык маанисин ошол учурда андабай, маанисин түшүнбөгөн экенмин. Азыр гана бир аз түшүнгөнсүп турам, анда да толук эмес. Агайым тууралуу Жеңижок акын «Аккан сууну» жети күн, жети түн ырдагандай айткым келет. Бирок чыгармачылык дараметим жетпейт. Мен канча аракет кылсам да адамгерчиликтүү, илим-билимдүү, илимий жетекчи, тарбиячы катары агайымдай боло албасам керек...?

Агайым, - кыргыз илим дүйнөсүндөгү терең из калтырган аалым. Анын илимий эмгектери, изилдөөлөрү, эл үчүн кылган ак кызматтары улуттук аң-сезимди, маданиятты жана билимди өркүндөтүүгө зор салым кошкон. Айрыкча, “Экология”, “Жашыл экономика” илимине кошкон салымы өзгөчө баалуулуктарга ээ. Жаратылыш ресурстарын сарамжал пайдалануу, жаратылыш менен адамдын гармониясын сактоо багыттары боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрү бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой келет. Ал жаратылышты жөн гана илимий нукта изилдебестен, аны сүйгөн, түшүнгөн, жана сактоо керектигин өз өмүр жолу менен далилдеген аалым эле.

Анын ар бир макаласы, илимий баяндамасы - терең ойлонулган, улуттук мүнөздү сактаган жана дүйнөлүк илим менен айкалышкан баалуу мурас болчу.

Бүгүн, агайым, устатым бул дүйнөдө болбосо да, элесимде дайыма тирүү. Анын айткан кеби, көрсөткөн үлгүсү, кылган эмгеги - жүрөгүмдө жашап келет. Илимге, табиятка, элге болгон сүйүүсү аркылуу ал өз өмүрүн улуу максатка арнаган инсан. Мындай инсандардан тарых уланат, мурас калат жана руху көтөрүлөт.

Кутманалы СТАМАЛИЕВ, Ош мамлекеттик университетинин зоология, экология

жана биоинженерия кафедрасынын башчысы, биология илимдеринин кандидаты, доцент.

## ОКУМУШТУУНУН ЖАРКЫН ЭЛЕСИ ЭСТЕН КЕТПЕЙТ

Мен “Кулун-Ата” мамлекеттик жаратылыш коругунда директордун орун басары, илимий бөлүмдүн башчысы болуп турган кезде 2005-жылы Болот агай менен таанышып, коруктун жаныбарлар дүйнөсү боюнча илимий иштерди кафедранын окумуштуулары менен бирдикте баштаганбыз. 2005-жылдан 2013-жылдар аралыгында кыска эле мезгилде биздин корук боюнча “Кулун-Ата мамлекеттик коргунун илимий эмгектери” – деген № 1 - “Жарчы” китебибиз жарык көрүп, отуздан ашуун Кыргызстандан жана чет өлкөлөрдөн журналдардан илимий макалаларыбыз жарык көрдү. Ошол мезгилдерде жыл сайын илимий экспедициялар уюштурулуп, илимий чөйрө менен өндүрүштүн байланышы жогорку деңгээлде болуп турган.

Белгилеп кетүүчү маселе мен өндүрүштө иштесем да агайдын колдоосу менен республикалык, Эл аралык илимий конференцияларга, ар кандай иш-чараларга катыштырып мени такшалтып өстүрдү. Өзгөчө айта кетүүчү сөз, улуу окумуштуунун колдоосу, шарапаты, бийик адамдык касиети менен өндүрүштө эмгектенген мен 2013-жылы “Кулун-Ата” мамлекеттик жаратылыш коругундагы “Сүт эмүүчү жаныбарлардын көп түрдүүлүгү жана аларды коргоо” темасында кандидаттык диссертациямды ийгиликтүү коргодум. Мен үчүн Болот Карамырзаевичтин колдоосу өмүрүмдөгү эң чоң ийгиликтердин бири болуп калды. Агайдын жетекчилиги астында Кыргызстандын илимий фонду өсүп-өнүп өз ордун таап бүгүнкү күнгө чейин жана келечекте да илимий ачылыштар улана берет деген терең ишеничтемин.

Камбарали АБДИСАТАРОВ,

Кулун-Ата мамлекеттик жаратылыш коругунун ага илимий кызматкери, биология илимдеринин кандидаты, айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарба кызматынын полковниги.

## СТУДЕНТТЕРДИН ИШЕНГЕН АГАЙЫ ЭЛЕ

Болот агай биздин ХК-89А группасын да окуткан, өз билимин, тарбиясын берген. 2000-жылы мага илимий жетекчи болгон. «Түштүк Кыргызстандын майда чычкан сымал кемирүүчүлөрүнүн гамаздык кенелери» - деген теманын үстүндө илимий жумушумду жетектеген. Билимге болгон жогорку талабы, чын дили менен жардам берип көмөктөшүүсү, адамдык жогорку моралдык принциптүүлүгү, үлгүлүү адамдык сапаттары, чынчылдыгы, эмгекчилдиги жана тарбия берүүсү өзгөчө болчу. Студенттердин идеял туткан окутуучусу болгон. Айрыкча эркек балдар Болот агайдай болгусу келет эле... Агайдын жүрүм-туруму, кийингени, мамилеси, дүйнөгө болгон көз карашы башкалардан башкача болчу. Ал табият сырларын жүрөгү менен туюп, акылы менен жакшы түшүнгөн. Жаратылышты коргоону жана сактоону ар бир адамдын милдети катары айткан. Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсүнүн көп түрдүүлүгүн сактоого жана көбөйтүүгө иш чараларды жүргүзгөн. Ош мамлекеттик университетинин табият таануу туризм жана агрардык технологиялар факультетинин жанына Ак-Буура дарыясын бойлото дендрологиялык парк түзгөн. Агай экология боюнча көптөгөн илимий макалаларды, монографияларды, китептерди жазып калтырып кетти. Бүгүн ал биздин арабызда жок болсо да, анын илимий мурастары, устаттык жолу жана жаркын элеси түбөлүккө жашай берет.

Айчүрөк САРЫМСАКОВА, Ош мамлекеттик университетинин,

медициналык колледждин мугалими.

## БОЛОТ АГАЙ АР ТАРАПТУУ ҮЛГҮЛҮҮ АДАМ БОЛЧУ

1993-жылы ОшМУда аспирантура ачылып, агайдын чакыруусу менен Зоология жана жалпы экология кафедрасына ага лаборанттык жумушка келип, күзүндө күндүзгү бөлүмдүн аспиранты болуп калдым. Ошол мезгилден Болот Карамырзаевичтин аспиранты жана окуучусу катары, агайдан көп нерсени үйрөндүм. Аспиранттарын тандоо учурунда агай билимибизден башка дагы түрдүү шыктарга кызыгууларды эске алганы жана ар кимибиздеги түрдүү сапаттарды бириктирип, өзгөчө бир мектеп түзгөнү – агайдын алдын ала көрө билген мыкты сапатын айгинелеп турат.

Болот агай дайыма кафедрадагы окуу-усулдук жана илимий иштер менен бирге, ден-соолукту чыңдоого жана спортко кызыгууну бирге алып барууга өзү жеке үлгү көрсөтүп, дем-шык берип турчу. Жумасына кеминде 3-4 жолу спорт залга түшүп, мини футбол, баскетбол жана башка оюндарды ойноп, акыл эмгегинен чаалыккандыжоготуп, мээни жана денени сергитип, кайрадан илимий жумушту улантат элек.

1994-жылы Кыргызстанда алгачкылардан болуп агайдын демилгеси менен факултетибиздин жаш окумуштуулары жана аспиранттары тарабынан Кыргызстандын “Табият” экологиялык кыймылы түзүлгөн. Бул кыймылдын түзүлүшү ошол мезгилдин талабына абдан төп келишкен. Бул кыймыл аркылуу эл аралык уюмдарга кайрылып, экологиялык долбоорлорго, кафедранын жана факультеттин окуу-илимий базасын чыңдоого жакшы материалдык жардамдарды алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Агайдын дагы бир көрө билгичтиги дал ушул жерде жатат. Кийинчерээк, бул кыймыл жергиликтүү “Табият-Ош” экологиялык коомдук фондуна айланды. Болот Карамырзаевичтин дээрлик бардык аспиранттары айтылган фонддун активдүү мүчөлөрү катары эл аралык уюмдар аркылуу уюштурулган семинарларда, тренингдерде, симпозиум, форум жана конференцияларда катышып, билимдерин өркүндөтүштү жана көптөгөн долбоорлорду жазып утуп, финансы жана башка материалдык инвестицияларды тартып, Ош шаарындагы, Кыргызстандын Түштүк аймагындагы экологиялык проблемаларды чечүүгө, экологиялык билим берүүнү жакшыртууга жакшы салымыбызды коштук. Факультетибиздин маңдайында Ак-Буура дарыясынын жээгинде союз ыдырашынын астында башталып, бирок бүтпөй калган чоң суу түтүктөрү үчүн казылган жерлер таштанды төкчү жерге айланып калган болчу. Биздин алгачкы экологиялык долбоорубуз ушул жерди таштандылардан тазалап, бак-даректарды отургузуп – дендрологиялык паркка (дарак сымал өсүмдүктөрдөн турган парк) айландыруудан башталган. Агайыбыздын жетекчилигинде кафедрадагы илим-изилдөө иштери менен бирге Кыргызстандын Түштүк аймагында жаңыдан түзүлгөн табигый коруктардын: Кулун-Ата, Падыша-Ата, Беш-Арал, Сары-Челек биосфералык коругу жана Улуттук жаратылыш парктарынын: Кара-Кой, Саркент, Кара-Шоро, Кыргыз-Ата жаныбарлар дүйнөсү толугу менен изилденип, инвентарлаштырылган.

“Өмүр бизден өтүп кетсе, Эл эмгектен эскерсин” – деп Элибизде таамай айтылган сөздөй – Болот агайдын көзү өтсө да, эмгектери тирүү, артынан ишин улантып жаткан өзү түзгөн зоолог-экологдордун мектеби бар, жазып калтырган илимий китептери, окуу китептери түбөлүк агайдын ысымын өчүрбөйт!

Агайымдын жаркын элесине терең таазимим менен,

Пиржан МАНАСОВ, Калифорния штаты.

## ТҮБӨЛҮКТҮҮ ИЗ КАЛТЫРГАН УСТАТ

Болот Карамырзаевич менен студенттик мезгилде таанышканмын. Бизге “экология” предметинен сабак өтүп, экологиялык проблемалар, өзгөчө жайыттардын, токойлорубуздун жабыркашы, биоартүрдүүлүктүн азайышы, жаратылышка болгон кайдыгер мамиле жөнүндө айткан сөздөрү жүрөгүбүзгө жеткен. Анын сабагынан шыктанып, “Жаратылышыбызды кордобойлучу” темасында макала жазып келдим. Болот агай макаламды окуп чыгып, “Ош жаңырыгы” гезитине басылып чыгышына көмөктөштү. Мына ошол күн — биздин жылуу жана ишенимдүү мамилебиздин башталышы болду. 5-курста окуп жаткан кезимде кафедрага жумушка кабыл алды. Ошондон тарта ал мени бир тууган инисиндей көрүп, илимий жетекчим, устатым, керек болсо материалдык жактан да колдоочум болуп келди. Анткени, Кыргызстандын түштүк аймагындагы экологиялык проблемаларды алдын алуу боюнча алгачкылардан болуп долбоорлорду жазып, фонддордон колдоо тапкан адис катары бизге кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачты.

Экспедицияларды уюштуруп, алардын чыгымдарын өзү көтөрчү. Үй-бүлөлүк кубанычтарда бизден бетер сүйүнүп, көйгөйлөрдө биз менен кошо санаа тартып, чыныгы адамкерчиликтин үлгүсүн көрсөттү. Ал табигый жаратылышты сүйгөн инсан эле. Табигый жаратылыштагы изилдөө учурларында бизди ырдатып, кээде өзү кошо ырдаган жагымдуу учурлар ар дайым эсимде. Мындай адамдык бийик сапаттарын айтып бүтүү мүмкүн эмес.

Тилекке каршы, илимий потенциалы эң жогорку чегине жетип турган учурда, шум ажал Болот агайды арабыздан алып кетти. Кала берсе кандидаттык диссертацияларын коргогон эки окуучусунун УАК тарабынан илимий иштеринин бекитилгендигин да көрбөй калды. Устатыбыздын жазган илимий жана методикалык эмгектери, шакирттерине жана студенттерге берген терең билими менен тарбиясы биздин арабызда түбөлүк жашайт.

Абдиманнап АБДЫКААРОВ,

Ош мамлекеттик университетинин зоология, экология

жана биоинженерия кафедрасынын доценти

## ИЛИМГЕ, ТАБИЯТКА ЖАНА ЖАШТАРГА АРНАЛГАН ӨМҮР

КулназаровБолотКарамырзаевич–Кыргызстандагы экология жана зоология тармагында чоң салым кошкон көрүнүктүү илимпоз. Ал студенттик күндөрүнөн тарта бүт өмүрүн билимге, илимге, табиятты коргоого жана жаш муунду тарбиялоого арнаган.

Зоология жана экология багытындагы белгилүү окумуштуу катары, Кыргызстандын түштүк аймагында жашаган жаныбарлар дүйнөсүн инвентаризациялоо, аларды коргоо жана натыйжалуу пайдалануу маселелерин терең изилдеп, илимге олуттуу салым кошкон. Анын изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында 150 дөн ашык илимий жана окуу-усулдук эмгектер жарык көргөн. Анын ичинде 10 дон ашуун монографиялар, окуу куралдары жана илимий макалалар Кыргызстандын жогорку окуу жайларында мугалимдер, илимий кызматкерлер жана студенттер тарабынан кеңири колдонулууда.

Зоология жана экология кафедрасынын башчысы катары, профессор Кулназаров эл аралык кызматташууну, илимий долбоорлорду жана инвестиция тартууну өнүктүрүүгө чоң салым кошкон. БУУнун Кыргызстандагы LIFE программасынын улуттук координатору катары экологиялык долбоорлорду ийгиликтүү жетектеп, өлкөнүн экологиялык көйгөйлөрүн чечүүгө бараандуу салымын кошо алган.

Биз мындай улуу адамдын окуучусу болгонубузга сыймыктанабыз. Анын жүрүм-туруму, билим берүү жана илимий изилдөөлөрдөгү талыкпаган эмгеги, жаштарга болгон патриоттук сезими – биз жана кийинки муундар үчүн чыныгы үлгү бойдон калат.

Усөн АТАБЕКОВ, Ош мамлекеттик университетинин зоология, экология

жана биоинженерия кафедрасынын доценти.

# 12 ЖЫЛДЫК МЕКТЕПТИК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮ – КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН МАСШТАБДУУ ТРАНСФОРМАЦИЯЛООНУН НЕГИЗГИ БӨЛҮГҮ

***"Алтын Казык" билим берүү системасын ар тараптуу трансформациялоо программасы окутуунун сапатын жогорулатууга, окуу программаларын модернизациялоого, алдыңкы билим берүү технологияларын киргизүүгө жана мектеп инфраструктурасын өнүктүрүүгө багытталган Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин стратегиялык демилгесин камтыйт.***

Кыргызстанда билим берүү системасын трансформациялоо зарылчылыгынын себептери:

**- БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫНЫН ТӨМӨНДҮГҮ**

Кыргызстан билим берүү чөйрөсүндө олуттуу көйгөйлөргө дуушар болду.

Кыргызстан 2005, 2009-жылдары катышкан PISA эл аралык изилдөөсүнүн жыйынтыктары боюнча Кыргызстандын окуучулары функционалдык сабаттуулукка ээ эместигин, башкача айтканда, алган билимдерин практикада колдоно албай турганын көрсөтүп, Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюмуна (ЭКӨУ) кирген өлкөлөрдүн арасында акыркы орунду ээлеген.

Окуучулардын билим жетишкендиктерин улуттук баалоонун (ОБЖУБ) маалыматтары боюнча 4-класстардын окуучуларынын 62 пайызы математикалык сабаттуулукка ээ эмес, ал эми 48 пайыздан ашууну окуй албайт жана окуганын түшүнбөйт. Мындай балдар келечекте татаал маселелерди чече алышпайт жана төмөнкү квалификациядагы жумушка алымсынууга аргасыз болушат.

Эл аралык жана ички баалоолордун жыйынтыктары мектеп бүтүрүүчүлөрү азыркы эмгек рыногунун талаптарына даяр эместигин, сынчыл ой жүгүртүүнүн, окуунун жана маалыматты талдоонун зарыл көндүмдөрүнө ээ эместигин айтып турат. Билим жетишкендиктеринин эл аралык рейтингдеринде Кыргызстан акыркы орундарды ээлеп келет, ал эми жумуш берүүчүлөр квалификациялуу кадрлардын таңкыстыгына даттанып келишет.

**- ЭСКИРГЕН ПРОГРАММАЛАР ЖАНА ОКУТУУ МЕТОДИКАЛАРЫ**

Кыргызстандагы окуу материалдары жана окутуу методикалары өтө эскирип калды. Мектеп окуучулары теорияны чагышат, бирок аны практикада колдоно алышпайт. Натыйжада кыргыз тилин, англис тилин же математиканы 11 жыл окуп-үйрөнгөндөн кийин деле көпчүлүк бүтүрүүчүлөр бул предметтерди жетиштүү деңгээлде билишпейт.

Азыркы дүйнө колдонмо билимдерди, ийкемдүү көндүмдөрдү, ыңгайлаша билүүнү, лидерликти, сынчыл ой жүгүртүүнү жана санариптик сабаттуулукту талап кылат. Бирок азыркы билим берүү системасы балдарда ушул сапаттарды өнүктүрбөйт.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министри Д. Кендирбаева: "Алтын Казык" билим берүүнү трансформациялоо программасы жакынкы 10 жылга адамдык капиталга инвестициялар боюнча эң дымактуу милдеттерди коёт. Биз Кыргызстандын балдары, өспүрүмдөрүбүз жана кыздарыбыз дүйнөлүк класстагы билимдерге жана көндүмдөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгү менен камсыздалып, өздөрүнүн дараметин толугураак ача алышса дейбиз. Алар ушул кылымдын ортосунда жана андан кийин да дүйнөлүк рынокто атаандаштыкка жөндөмдүү болушу керек. Программа "Алтын Казык" деп аталды, анткени адамдык капиталга инвестициялар биздин башкы жол көрсөтүүчү жылдызыбыз болуп саналат. Калган бардык мамлекеттик программалар, экономиканы өнүктүрүү жана мамлекетти чыңдоо боюнча күч-аракеттерибиз – баары адамдык өнүгүү деңгээлин жогорулатуу максатына кызмат кылат".

Билим берүүнү трансформациялоонун максаты – биринчи кезекте коомчулуктун сапаттуу билим берүүгө койгон талаптарына жооп берген, окуучуларды глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүү кылып даярдаган жана бир эле мезгилде өлкөнүн маданий салттарын сактаган 12 жылдык мектептик окутуунун заманбап улуттук системасын түзүү. Билим берүүнүн жаңы модели бүтүрүүчүлөргө андан ары окуу жана кесиптик жактан өсүү үчүн кеңири перспективаларды камсыздап, эл аралык билим берүү мейкиндигине жуурулушууга мүмкүндүк берет.

25,8 млрд сом көлөмүндө билим берүүнү трансформациялоону каржылоо республикалык бюджеттин эсебинен жүзөгө ашырылууда. Каражаттар инфраструктураны модернизациялоого, окуу программаларын жана окуу китептерин жаңылоого, педагогдордун квалификациясын жогорулатууга жана мектептерди заманбап лабораториялар менен жабдууга жумшалууда.

2024-жылы мектептик билим берүү системасын 12 жылдык форматка трансформациялоо боюнча "Алтын Казык" программасын ишке ашыруунун алкагында мектептик окутууну азыркы замандын талаптарына жана чакырыктарына дал келтирүүгө багытталган билим берүү чөйрөсүндөгү масштабдуу реформалар үчүн бир катар маанилүү чечимдер кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин орто жалпы билим берүү системасына окутуунун он эки жылдык мөөнөтүн этап менен киргизүү боюнча ишти баштоо жөнүндө тескемеси (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-мартындагы № 99-т тескемеси) кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемеси (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы № 402-т тескемеси) менен 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасында мектептик билим берүүнүн он эки жылдык түзүмүн этап менен киргизүү боюнча иш-аракеттер планы бекитилди.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 2024-жылдын 30-октябрындагы № 654 токтому менен Жалпы билим берүүнүн 12 жылдык системасына өтүү концепциясын бекитти.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы № 131 токтому менен мектептик жалпы билим берүү системасынын жаңы мазмунун куруу үчүн фундаменталдык документ болуп саналган Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (Мамстандарт) бекитилди.

**БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО МИЛДЕТТЕРИ:**

***1. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу – окуучуларда заманбап компетенцияларды калыптандыруу үчүн окуу программаларын, окутуу методикаларын жана билим берүү стандарттарын жаңылоо.***

***2. Педагогдордун квалификациясын жогорулатуу – мугалимдерди жаңы стандарттар жана окутуу методикалары боюнча иштөөгө даярдоо.***

***3. Окуу процессинин жүгүн азайтуу – окуу жүктөмүн азайтуу жана материалды өздөштүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн мектеп программасын оптимизациялоо.***

***4. Бардык балдар үчүн бирдей старт – окутууну теңдештирип баштоонун эсебинен 1-класстарды даярдоонун бирдей деңгээлин камсыздоо.***

***5. Заманбап кесипке багыттоо – жогорку класстардын окуучуларынын аң-сезимдүү түрдө кесип тандоосу үчүн шарттарды түзүү, бул алардын эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат.***

***6. Мектептин инфраструктурасын модернизациялоо – жаңы мектептерди куруу, материалдык-техникалык базаны жаңылоо жана билим берүү процессине санариптик технологияларды киргизүү.***

***7. Эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү – кыргыз билим берүү системасын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине жуурулуштуруу, бул алдыңкы чет өлкөлүк жогорку окуу жайларына тапшыруу үчүн бүтүрүүчүлөрдүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.***

**ЭМНЕ ӨЗГӨРӨТ?**

Башкы жаңылык – нөлүнчү класс биринчи болот, ал эми балдар 6 жашынан мектепке барышат. Мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн жаш курагы өзгөрбөйт – ал мурдагы 11 жылдык окутуудагыдай эле калат, балдар 17 жашында мектепти аякташат.

Өтүү этаптуу болот жана бир нече негизги багыттарды камтыйт:

***1. Жаңы формациядагы педагогдорду даярдоо жана иштеп жаткан педагогдорду кайра даярдоо;***

***2. Предметтик стандарттарды, окуу программаларын жана окуу-методикалык комплекстерди жаңылоо;***

***3. Мектептердин инфраструктурасын модернизациялоо.***

***Ишке ашыруу этаптары***

***Даярдоо этабы (2021–2025-жж.)***

- ***Мыйзамдык негизди жана жаңы билим берүү стандарттарын, программаларды иштеп чыгуу жана бекитүү.***
- ***Педагогдорду окутуу жана квалификациясын жогорулатуу.***
- ***Инфраструктураны даярдоо.***

***Баштоо этабы (2025/2026-окуу жылы)***

- ***6 жаштагы балдар (2019-жылы төрөлгөндөр) 12 жылдык мектептин 1-классына барышат.***
- ***7 жаштагы (2018-жылы төрөлгөндөр) жана "Наристе" мектепке чейинки билим берүү программасын аяктаган балдар дароо 2-класска көчүшөт.***

Көчүү "бир окуучу – бир көчүү" принциби боюнча уюштурулат, бул класстан көп жолу көчүүнү жокко чыгарат.

Ушул тапта Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү стратегиясынын жаңыланган вариантын даярдады. Жаңы план билим берүү тутумун коомдук пикирге, аныкталган тобокелдиктерге жана профессионалдык коомчулуктун сунуштарына ылайыкташтырууну камсыз кылат.

Мындай чечим 2025-жылдын 4-мартында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине мүмкүн болгон кыйынчылыктарды азайтуу үчүн өткөөл мезгилдин эң натыйжалуу механизмдерин карап чыгуу боюнча сунуштарын ишке ашыруунун алкагында кабыл алынды. Натыйжада реформанын баштапкы варианты кайра каралып, учурда ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр даярдалууда.

**ЭТАПТАРДЫН АР БИРИ БОЮНЧА САЯСАТ ЧАРАЛАРЫ.**

***1. Жаңы формациядагы педагогдорду даярдоо жана иштеп жаткан педагогдорду кайра даярдоо***

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан билим берүү системасын трансформациялоо процессинин бардык катышуучуларынын өз ара аракеттенүү планын камтыган жана мугалимдерди сапаттуу даярдоого байгытталган Жол картасы иштелип чыкты. Жол картасы төмөнкүдөй иш-чараларды ишке ашырууну камтыйт:

- квалификациялардын тармактык алкактарын кайра карап чыгуу:

Кыргызстанда билим берүүнүн жаңы моделин өнүктүрүү үчүн педагогдорго коюлуучу талаптарды аныктай турган негизги документтерди – квалификациялардын тармактык алкагын жана билим берүү чөйрөсүндөгү кесиптик стандарттарды жаңылоо зарыл. Жаңы кесиптерди жана заманбап көндүмдөрдү эске алып, квалификациялардын системасын кайра карап чыгуу, ошондой эле мугалимдер жана окутуучулар санариптик доорго жана глобалдык өзгөрүүлөргө шайкеш келүүсү үчүн алардын кесиптик стандарттарын кайра карап чыгуу зарыл.

(Уландысы 7-бетте)

# 12 ЖЫЛДЫК МЕКТЕПТИК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮ – КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН МАСШТАБДУУ ТРАНСФОРМАЦИЯЛООНУН НЕГИЗГИ БӨЛҮГҮ

(башталышы 6-бетте)

Билимге таянган экономикадан инновациялык экономикага өтүү адистерден жана педагогдордон жаңы көндүмдөрдү талап кылат. Билим берүүнүн парадигмасы билимге таянуудан өнүгүүгө өттү. Педагог өзү коммуникация, креативдүүлүк, командалык жумуш, сынчыл ой жүгүртүү, санариптик көндүмдөр сыяктуу заманбап компетенцияларга ээ болууга тийиш. Ал окуу китеби теориянын 20 пайызын жана педагог окуучулар менен ишке ашырууга тийиш болгон өз алдынча интерактивдүү иштин 80 пайызын камтыйт дегенге даяр болушу керек.

- жалпы мектептик жана мектепке чейинки мамлекеттик билим берүү стандарттары менен синхрондоштурулган жаңы орто кесиптик билим берүүнүн жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын иштеп чыгуу:

Бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартында заманбап педагогдун өзөгү боло турган улуттук баалуулуктар жана социалдык-инсандык компетенциялар (жоопкерчилик, абийирдүүлүк, коммуникация ж.б.) аныкталган. Ошону менен бирге мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде универсалдуу компетенциялар (тилдик жана санариптик), ошондой эле кесиптик компетенциялар (окутуу методикасын, психологиялык аспекттерди билүү жана билим берүүдөгү инновацияларды колдонуу) калыптанат.

***- педагогикалык кадрлардын таңкыстыгын азайтуу:***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 383 токтому менен Жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобо бекитилген. Бул студенттерге теориялык окутууну практика менен айкалыштырууга (2 күн университетте – теория, 3 күн мектепте – практика) мүмкүндүк берет. Устаттын колдоосунда дуалдык окутуунун мындай форматы студенттерге мектепте иштөөнүн реалдуу шарттарына ыңгайлашууга, кесиптик компетенцияларды өнүктүрүүгө, мугалимдик кесиптин асылдыгын андап түшүнүүгө жана билим берүү системасында педагог катары орун-очок алууга жардам берет.

***- инклюзивдик билим берүү:***

Инклюзивдик билим берүү – бул өзгөчө билим берүү керектөөлөрү бар балдар менен иштөө гана эмес. Бул мигранттардын балдарын, калктын социалдык жактан аярлуу катмарларын, таланттуу балдарды жана окутуудагы кыйынчылыктарды башынан кечирип жаткандарды да колдоо. Окуучулардын бардык категорияларынын керектөөлөрүн эске алуучу эксперименталдык билим берүү стандарттары, окуу пландары жана программалар иштелип чыгууда.

***- мугалимдерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу:***

Өлкөбүздө педагогдорду окутуунун траекториялары орто кесиптик билим берүү программалары, бакалавриат, магистратура программалары жана PhD программасы аркылуу жүзөгө ашырылат, бул мурастоочулукту камсыздоого жана бардык деңгээлдерде квалификацияны жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Өзгөртүп түзүү процесси болочоктогу мугалимдерди окутуучу жогорку окуу жайларынын, колледждердин жана квалификацияны жогорулатуу институттарынын өлкөнүн маданий-тарыхый өзгөчөлүктөрүн (этнопедагогикасын) эске алуу менен өнүккөн өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбаларына багытталган жаңыланган стандарттар боюнча иштөөсүн камтыйт. Педагогикалык окуу жайлары "үч иштен бир иш" моделине өтүшөт – алар жаңы адистерди даярдап гана тим болбостон, иштеп жаткан мугалимдерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу менен да алектенишет.



***2. Окуу программаларын жана стандарттарды жаңылоо***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы № 131 токтому менен Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты бекитилди. Эми Мамстандарттын негизинде предметтик стандарттар, окуу программалары жана окуу китептери иштелип чыгууда, алардын максаты мектептик билим берүүнүн мазмунун сапаттык өзгөртүү болуп саналат.

Бул өзгөрүүлөрдүн алкагында мугалимдер практикага багытталган технологияларды, баарынан мурда STEM-билим берүү программаларынын алкагында өздөштүрүшөт. Бул технологиялар ийгиликтүү билим берүү системасы бар өлкөлөрдө кеңири колдонулат.

Бардык класстар үчүн математика, табият таануу, физика, химия, биология жана англис тили боюнча окуу материалдары толугу менен жаңыланууда.

Жаңы окуу материалдары окуучу үчүн окуу китеби менен иш дептерин, мугалим үчүн аудио жана видео материалдар менен окуу-методикалык колдонмолорду камтыган окуу-методикалык комплекстерден турарын белгилей кетүү абзел. Эгер мурда окуу китептери татаал академиялык тил менен жазылып келсе, эми болсо алар практикалык билимге жана заманбап методикаларга багытталган.

Бул окуу китептери маалыматты тек гана жаттап алууну талап кылбайт, булар окуучулардын өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө, сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандырууга жана интерактивдүү тапшырмалардын эсебинен шыкты арттырууга өбөлгө болот.

Андан тышкары, жаңы окуу китептери мамлекеттик жана эл аралык билим берүү стандарттарына шайкеш келет.

2025-жылга мамлекет тарабынан окуу китептерин басып чыгарууга 744 млн сом бөлүндү. 2025-2026-окуу жылында төмөнкү окуу-методикалык комплекстерди басып чыгаруу пландалууда:

***- "Англис тили" (3-9-класстар) – жалпы суммасы 350 млн сомдон ашуун, жалпы нускасы 2,3 млн экземплярга жакын;***

***- "Математика" (1, 2, 5, 7-класстар) – жалпы суммасы 200 млн сомго жакын, жалпы нускасы 1,4 млн экземплярга жакын;***

***- "Табият таануу" (1, 2, 5, 7-класстар) – жалпы суммасы 200 млн сомго жакын, жалпы нускасы 1,4 млн экземплярга жакын.***

Бүгүнкү күндө англис тили боюнча жаңы окуу китептери басылып чыгарылууда жана математика жана табият таануу боюнча окуу китептери улуттук мазмунга ылайыкташтырылууда.

2026-2027-окуу жылында математика, табият таануу, химия, биология, физика жана астрономия боюнча окуу китептери басылып чыгат, ал эми 2027-2028-окуу жылында 10-12-класстар үчүн математика, химия, биология, физика жана астрономия боюнча окуу китептери басып чыгарылат.

Ошондой эле, окуу китептеринин саны керектөөлөргө толук тал келерин жана таңкыстык болбой турганын баса белгилей кетүү зарыл. Бардык китептер "Учкун" ачык акционердик коомунун басмаканасында басылууда, бул коррупциялык тобокелдиктерди жоёт.

Окуу китептерин жаңы билим берүү стандарттарына ылайык адаптациялоо боюнча жигердүү иш жүрүп жатат. Ошондой эле, окуу китептеринин электрондук версиялары иштелип чыгууда, бул алыскы региондордогу окуучулар үчүн өзгөчө маанилүү. Бул сапаттуу билим берүү ресурстарына кеңири жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт жана окуу процессине заманбап технологияларды киргизүүгө мүмкүндүк берет.

***3. Инфраструктураны даярдоо***

Мектептерде окуучу орундардын жетишсиздиги көйгөйү да көңүл чордонунда турат. Жаңы системаны киргизүү жаңы мектептерди жана кошумча корпустарды курууну камтыйт, бул билим берүү уюмдарына артылган жүктү теңдештирүүгө мүмкүндүк берет.

Ошентип, 12 жылдык билим берүү – замандын талаптарын жана чакырыктарын эске алуу менен окуу процессинин мазмунун толугу менен кайра жаңылоо.

12 жылдык билим берүүгө даярдык толук кандуу жүрүүдө.

***Өлкө боюнча 24 000 мугалим окутулду.***

Алдыңкы окутуу усулдарын окуп-үйрөнгөн 88 тренер бардык аймактарда мугалимдерди окутууда. 46 аталыштагы жаңы муундагы окуу китептери басууга даярдалууда.

Биринчи класска барган 6 жаштагы баланын мектептеги жүгү анын жашына жана жөндөмүнө жараша эсептелет. Буга чейин бала бакчага барбаган балдардын көбү өз убагында окуганды, жазганды жана башка көндүмдөрдү үйрөнөт!

Ошондой эле бул негизги окутууга жеңил өтүүгө шарт түзүп, баланын окууга болгон кызыгуусун жогорулатуу менен стрессти азайтат.

Биринчи класска барган 6 жаштагы баланын мектептеги жүгү анын жашына жана жөндөмүнө жараша эсептелет. Буга чейин бала бакчага барбаган балдардын көбү өз убагында окуганды, жазганды жана башка көндүмдөрдү үйрөнөт!

Ошондой эле бул негизги окутууга жеңил өтүүгө шарт түзүп, баланын окууга болгон кызыгуусун жогорулатуу менен стрессти азайтат.

***КРнын Билим берүү жана илим министрлиги.***

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Каныкей ЖОРОЕВА

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Т.Алдакулов, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

**Фото кабарчы:** Р.Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.

КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №547



# Капернаум - кайдыгерлик торундагы балалык



Биз көбүнчө балалыкты кубаныч, коопсуздук жана камкордуктун синоними катары элестетебиз. Бирок «Капернаум» тасмасы бул элестөөнү талкалап, дүйнөнүн көпчүлүк бурчтарында балалык кандайча азапка айланып жатканын көз алдыбызга тартты. Ливандык режиссёр Надин Лабакинин бул чыгармасы көрүүчүнүн көңүлүнө тынчтык бербей, тескерисинче, жан дүйнөсүндө көпкө чейин жаңырып тура турган суроолорду жаратат. Бул тасма – чыныгы чындыкты бурмалабай, түз айтып берген, дүйнө коомчулугунун бетине чапкан акыйкат десек болот.

### ЗЕЙН – ҮНСҮЗ ДҮЙНӨНҮН КЫЙКЫРЫГЫ

Башкы карман Зейн – 12 жаштагы баланын образы аркылуу коомдогу чоң трагедияны ачты. Ал жана анын бир топ бир туугандары документсиз, катоосуз төрөлгөн. Алар өзүнүн туулган күнүн билишпейт. Тасмада ата-энеси аларды карабайт, мектепке жибербейт. Зейндин карындашын эрте эле күйөөгө берип, балдардын тагдыры менен ойногон коомдук жүрүм-турум ачык көрсөтүлөт. Зейндин «Мени эмне үчүн төрөдүңөр?» деп ата-энесин сотко берген кадамы-албетте, көркөм символ. Бирок ошол эле учурда ачуу чындыкты камтыйт. Баланы жарык дүйнөгө алып келүүдөн мурун, ага татыктуу жашоо сунуш кыла аласыңбы деген суроону бергиң келет өзүңө.

Тасма 2018-жылы коомчулукка тартууланып, сюжети көрүүчү тараптан оор кабыл алынды. Тасманын негизги фишкасы 12 жаштагы баланын ата-энесине койгон дооматы жана наразычылыгы болду. Бул доо арыз – кайгынын, наразылыктын, үмүтсүздүктүн, ошол эле учурда жоопкерчиликти талап кылган үн. Балким Зейн дүйнөдөгү миллиондогон үнсүз балдардын атынан сүйлөдү.

### КӨРКӨМ ЫКМАДАГЫ ЧЫНДЫКТЫН ТААСИРИ

Надин Лабаки реализмдин эң терең чегинде иштеп чыккан. Актёрлор кесипкөй эмес – Зейндин ролун аткарган Зейн Аль Рафия да жашоодо өзү Сириялык качкын, Ливандин кедей кварталдарында чоңойгон. Бул жагдай тасмага жасалмасыздыкты берет. Камера Зейнди карап, артынан ээрчип жүрөт – көрүүчү тасманы көрүп эмес, Зейн менен бирге жашап жаткандай болот.

Айрыкча, мигрант аял Рахил жана анын наристеси менен болгон эпизоддор жүрөктү оорутат. Рахил документсиз жүргөндүктөн, баласын жашырып багат, өзү болсо түрмөгө түшүп калат. Зейн ошол наристеге кам көрүп, көчөдө акча табууга, өзүн жана кичинекей наристени сактап калуга жан далбастайт. Бул эпизоддордо адамзаттык мээрим менен коомдук кайдыгерлик жанаша турат.

«Капернаум» – бул конкретүү бир өлкө тууралуу эмес, ааламдагы глобалдык маселени козгогон. чыгарма. Жакырчылык, балдар эмгеги, миграция, документиз адамдардын укугу, аялдардын басмырланышы – булар дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө актуалдуу. Тасманын эң чоң күчү – бул көйгөйлөрдү кооздоп же жашырып бербей, дал кандай болсо, ошондой берүүсүндө.

Бул эмгек – көрүүчүнү үн катууга, ой жүгүртүүгө, кайдыгер болбоого чакырган тасма. Айрымдар көрүп бүткөндөн кийин катуу ыйлап, айрымдар жашыруун кайгыга чөмүлүп чыгышат. Анткени Зейн – ал ар бирибиз көрүп жүргөн, бирок көп учурда байкагыбыз келбеген чыныгы жүз.

### КӨРКӨМ СИМВОЛДОР ЖАНА АТАЛЫШТЫН МААНИСИ

«Капернаум»– башаламандык, тартипсиздик, азаптозок деген маанидe колдонулат. Тасманын жүрүшүндө бул сөздүн маңызы ачылат: Зейндин жашоосу – бул тартипсиз дүйнөнүн жүзү, кайдыгер чондордун курулган коому. Режиссёр бул аталыш аркылуу бүтүндөй дүйнөнү сындап, анын катачылыктарын ачык көрсөтөт.

### ҮНСҮЗ МАКУЛДУК ЖАНА АРГАСЫЗДЫК

Зейндин апасы Соуаддин образында чоң кайгы жатат. Тасмадагы бир диалого Соуад: «Мен дагы төрөйм... башка эмне кыла алам?» – деп күйөөсүнө айтат. Бул сөздөр аялдардын жакырчылык, билимсиздик жана маданий чектөөлөрдөн улам өз денеси жана тагдыры боюнча өз алдынча чечим кабыл ала албаганын ачык билдирет. Төрөө – анын тандоосу эмес, аргасыздыгы. Ал ушуну менен гана «баалуу» сезилет, бирок ошол эле учурда багуу, кам көрүү милдетин эске албайт.

Зейндин жашоосу – азаптын айкын сүрөтү. Бирок тасма аны курмандык эмес, күрөшчү каарман катары көрсөтөт. Ал ата-энесин сотко берет – бул көрүнүш таң калычтуу угулушу мүмкүн, бирок Зейн «мени бул жарык дүйнөгө эмне үчүн алып келдиңер? Ичиндеги бала да мен сыяктуу бактысыз болот»-деген сөздөр менен миллиондогон угулбай калган балдардын үнүн көтөрөт. Бул – жоопкерчиликке чакырык, бул – үнсүз муундун кыйкырыгы.

### ТАСМА – БИЗДИН ҮНҮБҮЗГӨ АЙЛАНСЫН!

Урматтуу окурман «Капернаум» – бул көрүчүлөргө милдет жүктөгөн тасма. Эгер сизда Зейн сыяктуу тестиерди айланаңызда көрсөңүз кайдыгер карабаңыз! Коомчулукка жарыялап, кайдыгерликке жол бербейли!

Тасмадагы Зейн жана Рахил биздин мекенибизде да жок деп эч ким кепилдик бере албайт. Коомду бирге агарталы. Ар бир бала бактылуу болууга жана билим алууга татыктуу!

Даярдаган: Каныкей ЖОРОЕВА.